## *САКИН БЕГМАТОВА АТЫНДАГЫ ТАШ-МОЙНОК ОРТО МЕКТЕБИНИН 2021-2022-ОКУУ ЖЫЛЫНДАГЫ ИШТЕГЕН ОКУУ ТАРБИЯ ИШТЕРИНИН АНАЛИЗИ.*

Азыркы учурда жалпы билим берүүнүн негизги максаты интеллектуалдык жана дене түзүлүшү өнүккөн, рухий керектөөлөрү кең, дүйнөгө илимий көз карашынынын негиздерине ээ болгон, коомдук турмушка жигердүү катышууга даяр, өз алдынча аракеттене жана окуяларга өз алдынча баа бере билген, коомдук социалдык өзгөрүүлөргө тез ыңгайлашууга жөндөмдүү инсанды калыптандыруу болуп эсептелет.

Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок орто мектебинин мугалимдер жамаатынын негизги максаты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө Мыйзамы. Мугалимдер статусу, ысык тамак уюштуруу программаларын ишке ашыруу болуп саналат. Андан башка окуу-тарбия иш-чараларын жакшыртуу жана ишке ашыруу.

Жогорку айтылгандардын негизинде Таш-Мойнок орто мектебинин жамааты төмөнкүлөрдүн үстүндө иштеди.

- Азыркы учурдун талабына ылайык алдыңкы ыкмаларды колдонуу менен ар бир инсанды ар тараптан өнүктүрүү;
- Всеобуч боюнча законду аткаруу:
- Мектеп жашындагы окуучуларды мектепке камтуу.
- Бардык окуучуларга орто билим берүү
- Окуу тарбия иштерин андан ары жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн педагогикалык коллективдин ишинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн, ар бир мугалимдин жоопкерчилигин арттыруу:
- Ар бир инсандын терең билим алууга коомдо болуп жаткан жаңылыктарга дайыма кызыгуусун арттыруу жана ал үчүн иш-чараларды иштеп чыгуу:
- Сабактын максатын туура коюу, баалоонун критерийлерин иштеп чыгуунун үстүндө иштөө.
- Калыптандыруучу баалоону сабактарда колдонуу.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү тармагын өнүктүрүүнүн концепциясында мектепте билим берүүнү реформалоо жана аны ишке ашыруу боюнча азыркы учурдун талабына ылайык милдеттер жана максаттар кабыл алынган.

Биздин мектептин мугалимдер жамааты жана администрациясы жогоруда айтылган концепциянын «Билим берүү закону», «Мугалимдер статусу» жана башка көптөгөн мамлекеттик буйруктарды өз убагында аткарууга

аракеттенип, 2021-2022-окуу жылында негизинен өзүнүн алдыга койгон максаттарын жана милдеттерин аткара алды. Алдыга койгон максаттарды аткарыш үчүн 2021-2022- окуу жылына план иштелип чыкты. Ал план августтагы педкеңешмеде кабыл алынып бекитилет жана толукталат. Алынган пландын бардыгы окуучулардын билим сапатын көтөрүү, мектептин материалдык базасын чыңдоо, окуучулардын окууга болгон кызыгуусун күчөтүү, окуучулар үчүн комфорттуу абалды түзүү, келечекте адеп- ахлактуу инсанды тарбиялоо

Окуу процесси 2 сменде жүргүзүлөт. 1- сменде 1,4-класстар, 5-11-класстар окуйт, 2- сменде 2-3- класстар окушат. Мектеп 5 күндүк окууга 1- 11- класстардын окуучулары окушат. Мектеп башталгыч, негизги, жалпы орто деңгээлдеги билим берүүчү программаларды камсыз кылат. Таш-Мойнок жалпы билим орто мектебинин ишмердигинин максаты төмөнкүлөргө багытталган:

- Окуу программаларынын мазмунунун милдетүү минимумун өздөштүрүүнүн негизинде окугандардын инсандыгыынын жалпы маданиятын түзүү
- Окуучуларды қоомдун турмушуна көнүктүрүү
- Жалпы таанылган тандоо үчүн негиздерди түзүү жана андан аркы кесиптик билим берүү программалырын өздөштүрүү
- Жарандуулукка тарбиялоо.

Педколлектив менен бирдикте окуу планындагы сааттар бөлүштүрүлдү, мамлекеттик стандарттагы окуу-пландары, программалар менен мугалимдер камсыз болушкан. Окуучулар менен мугалимдер окуу китептери жана окуу методикалык колдонмолор менен камсыз болушкан.

Мугалимдер жетиштүү. Бардык мугалимдер август айында медкомиссиядан өтүшкөн. Мугалимдерге сааттарды бөлүштүрүү тарификациясы жүргүзүлгөн. Сабактардын расписаниеси түзүлгөн. Бардык класстар класстык, тарбиялык журналдар менен камсыздалган. Окуу планында программаларда берилген мамлекеттик стандарттагы окутулушу окуучулардын окуу материалдарын өздөштүрүүсүнүн сапаты көзөмөлгө алынган.

Мектепте окуучулар менен иштөөдө тиешелүү билими жана кесиптик тажрыйбасы бар компетенттүү персонал иштейт. Мектепте 40 мугалим иштейт. Жогорку билими бар - 30, 5- мугалим – атайын орто, 2 мугалим - И.Арабаев атындагы КМУда сырттан окуп жатышат.

| №№ | категория | Бардыгы |
|---|---|---|
| | | |

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Жогорку | 29 |
| 2 | Бакалавр | 5 |
| 3 | Атайын орто (педагогикалык) | 3 |
| 4 | Жалпы орто | 2 |
| 5 | Магистр | 1 |

Мугалимдер өз предметтерин жакшы билишет жана окуу процессинде билимди натыйжалуу берүү үчүн сабакта ар кандай инновациялык ыкмалар жана тажрыйбалар менен өткөрүшөт. Мугалимдердин стажы 40 жылдан ашкан - 5 мугалим, 15 жылдан ашкан - 13 мугалим, 10-15 жылга чейин -5 мугалим , 10 жылга чейин - 9 мугалим , 5 жылга чейин - 6 мугалим эмгектенишет. Мугалимдердин жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуу КРнын Эмгек Кодексиндеги мыйзамга жараша чен өлчөмүнө пайдалануу менен кабыл алышат. Ар бир мугалимдин өзүк делосу жана эмгек китепчеси бар.

Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу үчүн перспективдүү план түзүлгөн жана жыл сайын мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарына КАО, семинар - тренигдерге катышышат.

Жаш мугалимдерге насаатчылар дайындалып, аларга методикалык жактан жардам көрсөтүлүп турат. Жаш мугалимдерге иновациялык билим берүү методдорун жана технологияларына окутуу максатына жаш мугалим мектебинде семинарлар өтүлөт.

Мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарга баруусунун, кайра даярдоосунун графиги түзүлгөн.

Мектепте мектеп кенеши, тарификациялык, аттестациялык комиссия түзүлгөн, план иштелип чыккан. Ар бир мугалимдин таланттуу жана начар окуган окуучулар менен иштөө пландары түзүлүп, ошол пландын негизинде иш алып барышты. Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок орто мектебинин 2021-2022- окуу жылындагы иштеген окуу тарбия иштерин жыйынтыктап жатып, мектептин коллективи окуу жылдын башында коюлган милдеттерди негизинен аткара алышты. Алдыга коюлган перспективалык план жана 2021-2022 - окуу жылына план кабыл алынган. Алынган пландардын бардыгы окуучулардын билим сапатын көтөрүү, мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоо, тазалыкты, тартипти сактоо, окуучуларды адеп-ахлактык дөөлөттөргө тарбиялоо, окуучулар үчүн комфорттуу абалды түзүү. **«Окутуунун жана тарбиялоонун биримдиги аркылуу, атаандаштыкка туруштук бере**

**ала турган, ар тараптуу өнүккөн инсанды тарбиялоо»** проблемасынын үстүндө иштеп келе жатабыз.

Мектеп жамааты жыл ичинде окуу-тарбия иштеринин деңгээли инновациялык методдорду пайдалануу менен мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, сабактарда заманбап техникалык каражаттарды, көрсөтмө куралдарды, дидактикалык материалдарды колдонуу менен иштеди.

Окутууну жана тарбия берүүнүн жакшыртууну планынын милдеттерине жараша кезектеги мониторинг жана мектептин ишмердүүлүгүнүн жыйынтык баасы төмөнкү аспектерге негизделген:

1. Окуу планын аткаруу
2. Окуучулардын жетишкендиктери.

**1. Окуу планын аткаруу:**

1-11-класстардын 2021-жылы Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген план боюнча иштөө август педкенешмесинде бекитилген.

**2. Окуучулардын жетишкендиктери:**

2021-2022- окуу жылынын башында 555 окуучу,
анын ичинде 249 кыздар, 306 эркек балдар, 25 класс комплект, 11 класс комплект - 1-4-класс – башталгыч класстар, 10 класс комплект – 5-9-класс, 4 класс комплект 10-11-класстар.

| | |
|---|---|
| Класс-комплекти | 25 |
| Кыргыз тилинде - | 20 |
| Орус тилинде - | 6 |
| Окуучулардын саны | -557 |
| Смени | - 2 |

| №№ | класс | окуучулардын саны |
|---|---|---|
| 1 | 1-“А” | 21 |
| 2 | 1-“Б” | 22 |
| 3 | 1-“В” | 22 |
| 4 | 2-“А” | 26 |
| 5 | 2-“Б” | 16 |
| 6 | 3-“А” | 23 |
| 7 | 3-“Б” | 22 |

| | | |
|---|---|---|
| 8 | 3-“В” | 20 |
| 9 | 4-“А” | 24 |
| 10 | 4-“Б” | 20 |
| 11 | 4-“В” | 21 |
| | | |
| | **1-4** | **237** |
| 12 | 5-“А” | 23 |
| 13 | 5-“Б” | 18 |
| 14 | 6-“А” | 22 |
| 15 | 6-“Б” | 27 |
| 16 | 7-“А” | 32 |
| 17 | 7-“Б” | 20 |
| 18 | 8-“А” | 22 |
| 19 | 8-“Б” | 21 |
| 20 | 9-“А” | 22 |
| 21 | 9-“Б” | 22 |
| | **5-9** | **235** |
| 22 | 10-“А” | 21 |
| 23 | 11-“А” | 22 |
| 24 | 11-“Б” | 19 |
| 25 | **10-11** | **85** |
| | **1-11** | **557** |
| | | |
| | | |

Сабактан тышкары мектепте бюджет тарабынан каржылангшан 6 ийрим иш алып барат

1. Футбол боюнча ийрим

2. Волейбол эркек балдар үчүн
3. “ Эврика” ийрими

4. “Даана” комузчулар ийрими

5. “Театр” ийрими

6. “Глобус” дебат ийрими

Бул ийримдердин максаты билимдерин тереңдетүү, аң сезимин өстүрүү, чечендикке тарбиялоо, окуучулардын музыкалык талантын ачуу, эстетикалык тарбия берүү жана ден соолукту чыңдоого багытталган. Ийримдердин жобосу, иш планы түзүлгөн жана бекитилген расписание боюнча иш алып барышат.

| | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|
| Бардык класс-комплект | 23 | 25 |
| Окуучулардын саны | 504 | 555 |
| Анын ичинде кыздар | 249 | 266 |
| Башталгыч класс | 210 | 237 |
| 5-9 класс | 238 | 235 |
| 10-11-класс | 56 | 83 |

2021-2022-окуу жылында жетишүү - 96,1% катышуу - 99,6%, билим сапаты – 41,3 %.

2020-2021- окуу жылына салыштырсак, класс комплект 2 класска көбөйдү, балдардын саны көбөйдү, 6 -б класстын окуучусу Дуйшоналиева Диана ден соолугуна байланыштуу үйдөн окутулуп жатат.

Даярдоо классына  25 окуучу кабыл алынды, жыл аягында 506 окуучу, анын ичинен 266  кыздар,  240 эркек балдар.

Биринчи баскыч боюнча «5»ке окуган окуучулар – 24,  ударниктер – 54 билим сапаты – 49,5%,  жетишүүсү - 100%

Экинчи баскыч боюнча – отличниктер- 20, ударниктер - 59 .  Билим сапаты – 37% , жетишүү – 100%

Үчүнчү баскыч боюнча отличниктер – 4, ударниктер – 23,  билим сапатаы 41%,  жетишүү – 100%

| | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|
| 1-баскыч | 49,5 | 49.3 |
| 2-баскыч | 34.4 | 37 |
| 3-баскыч | 29 | 41 |
| 1-3-баскыч | 39.2 | 42 |

Былтыркы жылга караганда быйылкы жылы билим сапаты 6,2% жогорулады.  10-11-класска орто окуган окуучулар калууда.

11- классты  35 окуучу бүтүрдү жана орто билим жөнүндөгү аттестат алышты. Бүтүрүүчүлөрдүн  70%и билим алууну жогорку окуу жайларында улантышат.

| | 2019-2020 | 2020-2021 | 2021-2022 |
|---|---|---|---|
| Окуучулардын саны | 24 | 36 | 35 |

Персоналдык көзөмөлдөө боюнча кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, математика, биология сабактарынын берилиши мамлекеттик стандарттагы билим берүү программаларын ишке ашуусу ошол предметтер боюнча окуучулардын окуу материалдарын сапаттуу өздөштүрүүсү окутуунун инновациялык методдорун сабактарда колдонулушу ар бир мугалим жогорку кесиптик денгээлде сабактарын өтүшү жана таланттуу окуучулар, жетишпеген окуучулар мене ниш алып баруусу, мугалим өзүнүн кесиптик денгээлин өркүндөтүүсмү текшерилип, талдоо жүргүзүлүп жыйынтык чыгарылды. Кыргыз тили, физика , орус

тили, чет тили, тарых, биология, химия, география сабактары боюнча окууучуларды тестке жана олимпиадага даярдоосу текшерилип турду.

9-10-11-класстын окуучулары райондук тестирлөөгө катышышып, төмөнкү сабактардан «4» жана «5» деген бааларга ээ болушту. Кыргыз тили жана адабияты, география, тарых, орус тили.

Предметтик сабактар боюнча олимпиаданын салыштырма анализи.

Быйылкы окуу жылында райондук олимпиададан биздин окуучулар эч бир орунга ээ болушкан жок. Ошондуктан 2022-2023-окуу жылына карата окуучуларды олимпмадага даярдоо боюнча ар бир мугалим план иштеп чыгып, ошол пландын негизинде окуучулар менен иш алып барышы керек.

Мектеп билим берүү программасында компетенттүү окутуу процессин киргизүү максатында программаларын ишке ашырууда окуучулардын жетишүүсүн баалоодо негизги компетенттүүлүктүн калыптанышынын үч денгээлин бөлүп көрсөтүүнү талап кылат. ( репродукциялык, продукциялык креативдик). Мугалимдер сабакты өтүүдө ар дайым интерактивдүү методдорду колдонушат (сабак лекция, сабак-диспут, таймаш-сабак, ж.б) Бул методдор окуучулар менен мугалимдин өз ара үзгүлтүксүз байланышта болуусун камсыздап турат.

Өзүн өзү баалоонун негизинде комиссия мүчөлөрү тарабынан предметтер боюнча тест, жат жазуу, текшерүү иштер алынып жыйынтыгы чыгарылды. Анализдин негизинде билим денгээли текшерүү иштердин жыйынтыгы былтыркы окуу жылынын билим денгээлинин жыйынтыктарына дал келет. Текшерүү көрсөткөндөй эң жогорку көрсөткүчтү төмөнкү предметтер берет

1. Кыргыз тили
2. Орус тили
3. География.
4. Биология

Эң төмөнкү көрсөткүчтү берген предметтер төмөнкүлөр:

1. физика
2. Химия.
3. Математика

Бул жыйынтыктарды жыл сайын өткөрүлүүчү НЦТ жыйынтыгы далилдейт. Гуманитардык багыттагы иштеген мугалимдер сабактарында инновациялык ыкмаларды колдонушат, көбүнчө басымды логикалык ой жүгүртүүсүнө, сүйлөө речине, кол жазмаларына, өз алдынча иштөөсүнө кызыгуусуна басым жасашат. Сабактарын кызыктуу өтүш үчүн кошумча материалдарды интернеттен, газеталардын жана башка булактардан алышат. Гуманитардык багыттагы сабак берген мугалимдер изденүү менен иштешет. Окуучулар адабияттык терминдер, тексттер менен

иштей алышат.  Негизинен эле мектепте иштеп жаткан үч усулдук бирикме :

- Теоретикалык, практикалык семинарлар, конференциялар, тегерек столду өткөрүү менен мугалимдердин профессионалдык билимин жогорулатуунун үстүндө
- Предметтик декадаларды өткөрүүдө опыт алмашуу, бири-бирине методикалык жардам көрсөтүү жана  иновациялвк  ыкмаларды колдонуунун
- Мугалимдерди өзүнүн ишине өзү анализдөө, сындоо,  сабактардын иштелмелерин туура түзүү жана  колдоно билүүнүн  үстүндө иш алып барышат.

Мектептеги бардык усулдук бирикмелер  негизинен  окуучулардын билим сапатын  көтөрүүнүн жана  сабакка болгон кызыгуусун арттыруунун үстүндө иштешет.  Ички көзөмөл план боюнча жүргүзүлүп жыйынтыгы директор алдындагы кенешмеде талкууланып турат. Чечимдердин аткарылышы администрацимя тарабынан көзөмөлдөнөт. Изденип иштеген  мугалимдердин окуучулары райондук олимпиадага катышып, байгелүү орундарды ээлешет.

Ал эми   жалпы  республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы акыркы үч жыл боюнча  төмөнкүдөй:

| ***Акыркы үч жылдагы көрсөткүчтөр*** | *2019/2020-окуу жылы* | *2020/2021-окуу жылы* | *2021/2022-окуу жылы* |
|---|---|---|---|
| ЖРТ га  катышкан бүтүрүүчүлөр | 18 окуучу | 13 | 27 |
| Бүтүрүүчүлөрдүн ЖТР боюнча алган орточо  балл | 121 | 115 | 103 |
| ЖРТ га катышкандардын 110 баллдан жогору алгандары | 11 | 3 | 10 |

**Мектептин ички көзөмөлү боюнча:**

Класстык жалпылоо.  5- а, б  класстардын  адаптациясын текшерүү.  1-баскычтан 2- баскычка өтүшү.   5- класстардын  бардык документтери текшерилип, жат жазуу,  текшерүү иш,  окуу техникасынын  ноормалары боюнча  текшерүү жэүргүзүлүп.  5- а класста  - 24 окуучу,    5-б-класста 20 окуучу.    Негизинен   класс жакшы.  Бардык окуучулар жетишет.

Максат боюнча  төмөнкү иштер каралды:

1. Өтүлгөн сабактарга катышуу
2. Текшерүү иш, жат жазуу алуу.
3. Математика, кыргыз тили боюнча жумушчу дептерлерди текшерүү
4. Күндөлүктөрүн текшерүү.

Математика боюнча текшерүү иштин жыйынтыгы: 5- а класста 24 окуучу, текшерүү иш жазды - 22 окуучу.

«5»ке - 3 окуучу
«4»кө - 7 окуучу
«3»кө - 10 окуучу
«2»ге - 2 окуучу

Билим денгээли - 36,3 %, жетишүү - 91 %

5-а класс кыргыз тил сабагы боюнча: 20 окуучу жат жазуу.

«5»ке - 3 окуучу
«4»кө - 5 окуучу
«3»кө - 10 окуучу
«2»ге - 2 окуучу

Билим денгээли – 40 % жетишүүсү - 90 %

Дептерлери: 2 жумушчу, 1 жат жазуу убагында текшерилип турат. Кол жазмалары начар, кир жазышат, дептерлердин абалы канааттандырааарлык, бардык окуучулар күндөлүк менен камсыздандырылган, класс жетекчи тарабынан системалык түрдө текшерилип турат, ата-энелер тарабынан убагында текшерилип кол коюлбайт.

Мектептин иш аракетин баалоо комиссиясы төмөнкүлөрдү аныктады:

| **Мектептин күчтүү жатары** | **Мектептин начар жактары** |
| --- | --- |
| • Башкаруудагы коллегиалдуулук, усулдук бирикмелердин активдүү иштеши<br>• Мектептин имиджи: стабилдүү коллектив<br>• Мектептеги нормалдуу психологиялык климат<br>• Мугалимдердин окуу жүктөмдөрү нормага туура келет<br>• Демөөрчүлөр менен иштөөнүн жолго коюлушу<br>• Мектеп кыргыз гана тилинде окутулушу | • Мектептин материалдык-техникалык базасынын толук камсыздалбашы<br>• Окуу куралдарынын жана окуу китептеринин жетишсиздиги<br>• Социалдык жактан начар жашаган окуучулардын көптүгү<br>• Ата-энелердин абдан пассивдүүлүгү<br>• «Мурас» камкардук Кеңешинин абдан алсыз иш алып баруусу |

| | |
|---|---|
| | • Кошумча сабактын жоктугу (ата-энелер тарабынан каржыланган) |

**Мектептин иш аракетин баалоо комиссиясы төмөнкүдөй тыянак чыгарды:**

1. Так илимдер усулдук бирикмесинин мүчөлөрү кесиптик чеберчилигин жогорулатуу максатында курстарга, тренининг, семинарларга жөнөтүлсүн.

2. Бардык мугалимдер сабактарында кошумча материалдарды пайдаланып, сабакты көрсөтмөлүү кылып өтүшсүн.

3. Окуучулардын китеп окуусун кызыктыруу үчүн китепканачы ар кандай иш-чараларды өтсүн.

4. Китепкананын фондун адабий китептер менен толуктоо.

5. Ата-энелер комитетинин ишин күчөтүү.